# “ОШ АК-ТАШ” КОРПОРАЦИЯСЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮ ЖАНА НЕГИЗДЕЛИШИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

“Ош Ак-Таш” корпорациясы Ош шаарынын Ноокат жолундагы биринчи километринде жайгашкан. Ишкана 1929-жылы эң алгачкы жолу пайдаланууга берилген. Анда бышык кыш жана акиташ чыгаруучу заводу деп аталчу. Чыгарылган кыштар кол менен куюлуп, күндүн кубаты менен кургатылчу.

1940-жылы кээ бир технологиялык түйүндөрү механизациялаштырылган. Айрыкча кышты бөлүп жана пресстөө процесси. 1950-жылы болсо заводду капиталдык реконструкциялоодо тунелдик печти куруп, жасалма жол менен кургатышкан. Ошондон кийин продукцияны кадимки кол менен куйган кышка караганда, бир кыйла жеңил болуп, жылына 15-17 миллион даана кыш көп чыгарылган. Курулушка керектелүүчү акиташ да чыгарышкан.

1962-жылы кыш заводуна дагы кошумча 2 кыш заводу курулат. Мына ошентип, 3 кыш заводдун жана акиташ чыгаруучу заводдун негизинде комбинат деп аталат. Ушул эле комбинатка 1965-жылы Ноокат, Өзгөн, Мырза-Аке кыш заводдору да биригет. Оштогу кыш заводу 1968-жылы тунелдик печкага айланат. Кыш заводунун кубаттуулугу шарттуу 50 миллион даана кыш чыгарууга жетишет. 1970-жылдары жылына 9 миң тонна аки чыгаруучу жаңы завод курулуп...

түү жумушту аткарышып, чыдамкайлык, туруктуулук менен иштеп жатышкан “Ош Ак-Таш” корпорациясынын жамаатын сыймык менен атоого болот. Алардын иштеген иштерине жараша айлык акылары да өз убагында берилүүгө аракеттер болуууда.

Азыркы убакта көп эле ишканалар убактылуу токтоп, кайра иштеп жаткан мезгили. Бирок, “Ош Ак-Таш” корпорациясы башкаларга салыштырмалуу ишти бир топ алга жылдырышууда. Бышык кыш чыгаруу жана курулуш материалдарын чыгаруу 135 пайызга, облицовочная плита чыгаруу 118 пайызга аткарылды. Өткөн жылы соцфондго 3,7 миллион сом, ал эми бюджетке 3 миллион сом акча өткөрүп беришти.

1996-жылы мамлекеттик карыздан кутулуп, бул жылы да карызы жок иштеп жатышкан убактары.

1997-жылдын жети айында чыгарылган продукциянын жалпы дүң продукциясы 1996-жылдын ушул мезгилинин жети айлыгына салыштырганда 105 пайызга аткарылды. Ал эми индикативдик план 138 пайызга аткарылып, башкача айтканда бышык кыш 7 миллион 644 миң даана чыгарылды. Жаратылыш таштарынан кыркылган таш 14860 метр квадрат керамзит цехи, комоктошүүчү ишканалар жайгашса, ал эми Кара-Суу районунун территориясында кыш заводуна керектелүүчү сырьелорду казып алуучу карьерлер, акиташ цехи, автоунаалар базары жайгашкан. Өзгөн районунда болсо, Мырза-Аке кыш заводу, анын карьери, известняк-ракушечник ташынын блогун казып алуучу “Сары-таш” карьери бар.

Ал эми Араван районунда акиташ ташын казып алуучу карьер болсо, Ноокат районунда “сланц” казып алуучу “Кыргыз-Ата”, алибастр ташын казып алуучу “гипс” жана көмүр казып алуучу “Жатан” карьерлери иштеп жатат. Ал эми Алай районунда болсо түстүү мрамор ташын казып алуучу “Талдык” карьери бар.

Үчүнчү бөлүк боюнча сөз кыла турган болсок анда негизинен көмөкчү айыл чарбасы тууралуу айтылат. Мында арпа, буудай, жүгөрү, жашылча жемиш бактары, тыт плантациясы, илдети жок картошканын уругун өндүрүү болуп эсептелет. Айыл чарба ишиндеги сөз кыла турган маселе негизинен эки нерсе. Бул картошканын илдети жок уругун жана тыт плантациясын өнүктүрүү. Бул багыт бир гана “Ош Ак-Таш” корпорациясында эле жаңылык

Намангандан, Анжияндан, Жалал-Абаддан жана башка шаарлардан уккандын баары ушул машина базарына келишип, каалаган маркадагы машиналарын сатып алышып кетишет. Келечекте бул базардын базасы дагы кеңеймекчи.

Корпорация көптөгөн чет өлкөлүк ишканалар, фирмалар менен келишим түзүп, өз ара тыгыз байланышта. Атап айтканда Казакстандын, Түркменстандын, Япониянын, Словакиянын, Американын, Италиянын ишканалары менен түздөн-түз өндүрүштүк тыгыз байланышта болуп иштеп келатат.

Корпорациянын жамаатына дайыма ийгилик каалоо менен бирге алардын оту дайыма алоолоп, күйүп турсун деп, жакшы үмүт менен кош айтышып кайттык!...

## КОРПОРАЦИЯНЫН ПРЕЗИДЕНТИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Эмилбек Касымалиевич Касымалиев 1940-жылы 23-мартта Өзгөн районундагы Ийри-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти аяктагандан кийин, Фрунзедеги политехникалык институттун жол курулуш инженердик факультетин 1963-жылы

иштейт. Апара болсо шаардык ИИБда эмгектенсе, Талантбек - корпорацияда инженер, Бакытбек-Оштогу Технологиялык Университетти бүтүп, азыр аскердик бөлүктө иштеп жатат.

Ал эми жетекчинин туу туткан принциби: демократияга жетишүү, чындыкка умтулуу, чоң адамдардан тартып, кичине адамдарга чейин мыйзамды сактоо, чындыкты бетке айтуу, чындык үчүн күрөшүү, чын сүйлөп, бирибирибиздин көңүлүбүздү оорутпастан чындыкка жетсек деген ойдогу, аруу тилектүү, ак дидаар жетекчи.

### “ОШ АК-ТАШ” КОРПОРАЦИЯСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШУНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРИ ЭМИЛБЕК КАСЫМАЛИЕВ МЫРЗАГА АРНАЙМЫН:

Көп жылдар иштеп келгенсиз,
Көбүнө жардам бергенсиз.
Эмгектен алып ыракмат,

